DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 10, 2020

## ТАРЫХ ИЛИМДЕРИ
## ИСТОРИЧЕСКИЕ НАУКИ
## HISTORICAL SCIENCES

*Каулбекова Р.А.*

# АРСТАНБЕК БУЙЛАШ УУЛУНУН ӨМҮРҮ ЖАНА ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ

*Каулбекова Р.А.*

# ЖИЗНЬ И ТВОРЧЕСТВО АРСТАНБЕКА БУЙЛАШ УУЛУ

*R.A. Kaulbekova*

# LIFE AND WORK OF ARSTANBEK BUYLASH UULU

*УДК: 9394/(092)*

*Бул макалада өз элин эл биримдигине, мамлекеттүүлүккө үндөгөн өз доорунун ойчул философу, улуу акыны Арстанбек Буйлаш уулунун чыгармачылыгы жана өмүр-таржымалы тууралуу маалыматтар кыскача чагылдырылган. Арстанбек Буйлаш уулу XIX кылымдын 20-ж. Башында жана 70-ж. акырына чейин жашап, ушул мезгилдеги орчундуу тарыхый окуяларды ырларында чагылдырган. Акындын чыгармачылык жолу Кыргызстандын аймагы алгач Кокон хандыгынын феодалдык өкүм сүргөн мезгилине, андан соң Россия империясынын колониалдык үстөмдүгүнүн жаңыдан орнотула баштаган мезгилине дал келет. Мына ушул доордогу кыргыз элинин коомдук-экономикалык жана саясий турмушу, казак султаны Кенесары Касымовдун чабуулу, бугу-сарыбагыш урууларынын чатактары Арстанбек Буйлаш уулунун чыгармаларында реалдуу баяндалган. Ошондой эле макалада Арстанбек Буйлаш уулунун чыгармачылык жолу төрт этапка бөлүнүп көрсөтүлгөн.*

***Негизги сөздөр:*** *өмүр, чыгармачылык, кол жазмалар, фонд, доор, Кокон бийлиги, Россия империясы.*

*В данной статье кратко отражены творчество и биография великого поэта, философа и мыслителя своего времени Арстанбека Буйлаш уулу, который призывал свой народ к единству и государственности. Арстанбек Буйлаш уулу родился в начале 20-х гг. и дожив до конца 70-х гг. XIX века, в своих стихах отразил важнейшие исторические события этого периода. Творческий путь поэта совпадает с феодальным периодом Кокандского ханства, а затем и с началом становления колониального господства в Российской империи на территории современного Кыргызстана. Общественно-экономическая и политическая жизнь кыргызского народа этого периода, нападение казахского хана Кенесары Касымова, конфликты племен бугу-сарыбагыш реалистично описаны в произведениях Арстанбека Буйлаш уулу. Также в статье показаны четыре этапа творческого пути Арстанбека Буйлаш уулу.*

***Ключевые слова:*** *жизнь, творчество, рукопись, фонд, эпоха, Кокандская власть, Российская империя.*

*This article summarizes the work and biography of the great poet Arstanbek Buylash uulu, a philosopher and thinker of his time, who encouraged his people to unity and statehood. Arstanbek Buylash uulu in the 20th century. in the early and 70s. He lived to the end and reflected in his poems the most important historical events of this period. The poet's career dates back to the feudal period of the Kokand Khanate in Kyrgyzstan, and then to the re-establishment of colonial rule in the Russian Empire. The socio-economic and political life of the Kyrgyz people in this period, the attack of the Kazakh sultan Kenesary Kasymov, the conflicts of the Bugu-Sarybagysh tribes are realistically described in the works of Arstanbek Buylash uulu. The article also divides the career of Arstanbek Buylash uulu into four stages.*

***Key words:*** *life, creativity, manuscript, fund, Kokand power, Russian Empire.*

Кыргыз элин биримдүүлүккө, азатыкка үндөгөн өз заманынын кыраакы ойчул философу, улуу акыны Арстанбек Буйлаш уулу 1824-жылы Ийри-Сууда (азыркы Нарын району, Чет Нура айыл өкмөтүнө караштуу Төш-Булак айылында) Буйлаш бийдин үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келет. Арстанбектин атасы Буйлаш бугу уруусунун Тынымсейит уругунун мал-мүлктүү бай адамы болгон, журт башкарып бий аталган. Буйлаш бийдин эки аялы болуп, Арстанбек Буйлаш бийдин экинчи аялы, токолу Төрөкандан төрөлөт [1, 92-б., 2, 4-б., 2, 12-б.].

Дүйнө жүзүндөгү атактуу адамдардын дээрлик көпчүлүгүнүн өмүрү жана чыгармачылык жолу менен таанышканда алардын балалык чагы, балалык тагдыры аркандай себептерге байланыштуу кыйынчылыкта өткөндүгү белгилүү. Арстанбек Буйлаш уулу дүйнөгө

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



атагы кеңири таанымал адам болбосо да, кыргыз элинин арасында атагы таш жарган, өз доорунун чындыгын, акыйкаттыгын тайсалдабай ырдаган, «замана» агымынын көрүнүктүү өкүлү, өз элинин чыгаан инсаны. Акындын балалык чагы, балалык тагдыры Буйлаш бийдин «миңдеген коюн кайтарган малай койчулар менен укукташ болуп, бир нече жылы үзбөй койчу болуп» жүргөн учуруна туш келип, ушундай оор кыйынчылыктарда өткөндүгүнө карабастан акындын ырга болгон шыгы ойгонуп, кызыгуусу арта баштаган мезгили болуп калды. Дал ушул учур изилдөөчү М.Богданова да туура баамдагандай Арстанбектин профессионал акын катары калыптанышына, акындын жаш кезинде үй-бүлөсүнө жардам берип койчуман болуп жалданып Ысык-Көлдүн жайлоолорунда жүргөн учурлары анын талантынын ойгонушуна чоң таасир эткен.

Буйлаш уулу Арстанбек он эки, он үч жашка келгенде комуз үйрөнүп, күү чертип, он төрт жашында ыр курап, эл чогулган жерде элдик ырларды ырдап, күүлөрдү чертип, оозго алынып, он беш жашка чыкканда оң менен солду кыдырып, эл аралап ырчылыктын сырларын үйрөнө баштайт. Ал «Керээзинде»:

Жашымдан ырчы атыктым,
Ат үстүндө катыктым.
Он бешимде белсендим,
Оң менен солго теңселдим [3, 16-б.] - деп бет алып ырчы чыкпаганын айтат. Андыктан, Арстанбектин балалык чагы оомалуу-төкмөлүү заманга, ошкайышы көп окуяларга шиpелген доорго туура келди.

Арстанбек өз доорунун улуу акыны, комузчусу, ырчысы болгон жана ошондой эле күү да чыгарган. Б. Солтоноев да «Арстанбектин ырдаган ырлары көп болуп, билингени: «Бердикожо», «Беш казак», «Шоро», «Кожожаш», «Көкөтөйдүн ашы», «Төштүк» болуп, комузга өтө уста болгон жана бардыгы 200 чамалуу ыр билип жана казактын атактуу ырчылары менен айтышып жеңилбегенин» [4, 464-б.] белгилеген. Ал эми дагы бир маалыматта Арстанбек «комузга да эң сонун уста болуп, беш жүздөй күүнү чертип жүрүп, өз заманында кыргыз, казак, өзбек арасында биринчи кишиден саналып атагы далай жерге тарагандыгы» [5, 22-23-бб.] айтылат.

Улуттук музыка изилдөөчү Б.Алагушов «Арстанбек элдик күүлөрдү чертүү, калк арасына жайылтуу менен бирге салттуу «Камбаркан», «Ботой», «Шыңгырама» аттуу элдик күүлөрдүн нугунда, мүнөзүндө, үлгүсүндө өзүнүн «Ботоюун», «Камбарканын» жана алардан башка да ар кандай темадагы ондогон күүлөрдү чыгарган. Алардын айрымдары биздин күндөргө да келип жетти» - деп жазган. Адис музыка таануучунун жазганына караганда, «1922-жылы Нарындын Он Арчасында жашаган комузчу Садабай Бабакандан окумуштуу К.Мифтаков Арстанбектин «Кертолгоо», «Камбаркан», «Мендирман», «Дүнгүрөмө», «Айганыш», «Какма», «Кер өзөн», «Тили буруу», «Кой бөлөөр», «Арман», «Калыс ботой» аттуу күүлөрүнүн аттарын жазып алган». Ал эми «улуу комузчу Муратаалы элдик, өзүнүн жана башка шайырлардын күүлөрүн черткен тизмеге Арстанбектин «Айдарым», «Арман», «Зар заман» аттуу чыгармаларын аткарып, жазып калтырган. Ошондой эле 1928-жылы атактуу музыка изилдөөчү А. Затаевич Муратаалынын аткаруусунда Арстанбектин «Зар заман шыңгырыма» аттуу күүсүн нотага түшүргөндүгүн» [6, 159-б.] белгилеген.

Жалпы жонунан Арстанбек 500гө жакын күү черткен жана анын эки жүзү жеке өзүнө тиешелүү деген маалыматтар бар. Чындыгында эле «Арстанбек өз чыгармачылык өмүрүндө арман, санат, терме, керээзден тартып, коомдук-социалдык мааниси терең көлөмдүү кара ыр (толгоолорго) чейин жаратып, «Төштүк», «Кожожаш», «Чоро» («Шоро»), «Бердикожо жалгызым», «Беш казак», «Нурпери» («Эр Болот») сыяктуу эпос, дастандарды жана «Манас» эпосунан «Көкөтөйдүн ашын» чебер аткарган дешет [7, 342-б.].

Арстанбектин күүлөрүн залкар комузчулар Муратаалы, Кара-Молдо, Ыбырай, Чалагыз, Шекербек аткарып, айрым күүлөрүн кыргыз радиосунун музыкалык редакциясынын алтын фондусуна жаздырышкан. Арстанбектин замандаштары жана кийинки муундагы акындар анын таланттына жогору баа берип устаты катары эстерине бектутушкан. Атүгүл, Молдо Кылыч, Тоголок Молдо да Арстанбектин чыгармачылык өнөрканасынан таалим алышкан.

XX кылымдын 20-40-жылдарынын аралыгында кыргыз элинин оозеки чыгармачылык мурастарын, анын ичинен акындар чыгармачылыгын эл оозунан чогултуп жыйноо иштери жүргүзүлгөн. Кол жазмалар фондусунда топтолгон баалуу маалыматтар кайсыл гана тармакты изилдеген изилдөөчү болбосун сөзсүз түрдө изилдөөчүнүн купулуна толгудай өтө кызыктуу маалыматтарды кездештирүүгө болот. Мына ушул кол жазмалар фондусуна Арстанбек Буйлаш уулу жөнүндө маалыматтар XX кылымдын 20-жылдарынан тартып чогултулган. Натыйжада Бектур Шералы уулу, К. Мифтаков, Ы.Абдрахмановдун, Т.Байболотов жыйнаган материалдар аталган фондго келип түшкөн.

Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун кол жазма-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



лар фондусунда сакталган Арстанбек Буйлаш уулунун өмүрү жана чыгармачылыгы тууралуу №57 (1320), №829/363, №1057, №110 (313) №129/336, №148, №542/5180, д. №1, №669/5306, №87/288, №47 (241), №185 (336) ж.б. инвентарлардагы маалыматтар, диссертациялык иштин булактык негизин түзөт. Арстанбек Буйлаш уулунун өмүрү жана чыгармачылыгы тууралуу маалыматтарды камтыган булактарга токтолсок, алардын бири, инв. №57 (1320) – Атайын фонд – «Акыр заман. Калыгул, Арстанбек, Солтобай» [1.1] деп аталып, анда Арстанбек Буйлаш уулунун казак Тезек төрө алдында айтылган «Тар Заманы» камтылган. Ал Арстанбекти кыргыз-казакка тааныткан эң маанилүү чыгармасы. Ушул чыгармасы аркылуу Совет доорунда Арстанбек Буйлаш уулуна «реакциячыл» акын катары баа берилген. Акындын бул чыгармасы 200 саптан турат. Андан ошол учурдагы эски колониялык доордогу эзилген элдин жашоосун көрүүгө болот. Ошондой эле бул чыгармасында орустардын акырындап кыргыз жерине жылып келе жатканын кабарлаган маалыматтар, орус оторчуларынын келишине байланыштуу кыргыз коомундагы өзгөрүүлөр чагылдырылган [1.1]. Чыгармада мындан тышкары кокондук бектердин зордук-зомбулугу, аксымдыгы, жүргүзгөн чексиз бийлиги көрсөтүлөт. Арстанбектин ушул чыгармасы Калыгулдун «Акыр Заманын» кайталап турат деген кайчы пикирлер да бар. Бирок, акындын чыгармасына өзүнө гана таандык өзгөчөлүктөр мүнөздүү. Андан калса ал бир учурда эле жаралып ырдалып калган эмес. Коомдогу тынымсыз жүрүп жаткан өзгөрүүлөр акындын өз чыгармасын улам толуктап, шартка жараша өзгөрүлүп турушун шарттаган [5].

Аталган кордогу ушул эле инвентарда Арстанбектин «Тар заман» деп аталган ырлары да бар. Бул чыгармада да Россия империясына каратылгандан кийинки Кыргызстандын аймагында башталган жаңылануулар, өзгөрүүлөр жөнүндө айтылган. Ошондой эле бул инвентардан Арстанбектин кыскача өмүр баяны, Арстанбектин ооруп айыккандагы ыры, Казак акыны Каңтарбайга айтканы сыяктуу ырларын жолуктурууга болот.

Ал эми кол жазмалар корундагы №829/363 инвентар «Элдик ырларда Кокон хандыгынын үстөмдүгүнүн чагылдырылышы» [8] - деп аталат. Анда кыргыз жергесинде хандыктын жүргүзгөн бийлигин, эзүүсүн, салык саясатын чагылдырган Арстанбектин маалыматтары берилет. Бул чыгармада Кокондуктардын салык катары «олпоң (харадж) алды эгинди», «беш көкүлдүү кызды», «оймоктуудан уз», «короодон тандап кой», «алымына ат» алганы көрсөтүлгөн [8]. «Колониялык доордун мезгилиндеги кыргыздардын маданияты» дагы бир аталышы «Кокон хандыгы тууралуу ырлар. Арстанбек» [9] деп аталган № 129/336 инвентарда да кыргыз элинин тарыхындагы Кокон доору, хандыктын алык-салык саясаты көрсөтүлгөн. Арстанбек өзү жашаган доордун коомдук-саясий абалын чагылдырган ырларын кол жазмалар корундагы №87/288 [10], №148 [11] инвентарлардан да жолуктурууга болот.

Кол жазмалар корунда Арстанбекке таандык бир канча ар түрлүү маанидеги ырлар бар. Алардын катарында акындын кыргыз элине белгилүү болгон акындар жана коңшулаш казак элинин акындары менен айтышкан айтыш ырлары да сакталып турат. Алсак, №542/5180 [12] жана №669/5306 [13] инвентарлардагы Арстанбек менен Чоңдунун жана казак акыны Сүйүнбай менен айтышын атоого болот.

Ошол эле кол жазмалар корунун «Ар түрлүү фольклордук материалдар» [14] деп аталган №394 (1302) инвентарда Кыргызстандын Россия империясына каратылышы менен орус колонизаторлорунун алгач «эсептеп жерди аларын», дыйканчылыкка ыңгайлуу «аштык чыккан жерди» алына турганы айтылган. Ал эми «Талып Байболотовдун өмүр баяны» [15] деп аталган №185 (336) инвентарда Арстанбекти өз көзү менен көргөн Талып Байболотовдун акындын чыгармачылык чеберчилиги жана анын «Тар заманын» уккан элдин кабыл алуусу тууралуу кызыктуу маалыматтар камтылган.

Кол жазмалар фондусунда биз иликтеген маселеге тиешелүү кызыктуу маалыматтардын кыйласы «XIX кылымдын аягы XX кылымдын башындагы Кыргызстанда илимдин жана маданияттын өнүгүшү» [16] деген аталыштагы №1460 инвентарда кездешет. Анда аталган доордо жашап өткөн акындардын чыгармалары маани маңызы жагынан салыштыруу аркылуу эки топко бөлүнгөн. Маселен, Калыгул акын башында турган Арстанбек, Молдо Кылыч өзүнчө топко киргизилип, «реакциячыл» акындар деп аталса, экинчи топтогу Токтогул, Тоголок Молдо ж.б. акындарды «демократ» акындар катары бөлүп көрсөткөн маалыматтар камтылган [16].

Ал эми эл акындарынын өмүр баяны “Арстанбек” деп аталган №110 инвентарда [17] Арстанбек Буйлаш уулунун кыскача өмүр баяны, кайсыл жылы, кайда туулгандыгы тууралуу кызыктуу маалыматтар берилген. Ошондой эле кол жазмалар корунун “Кошоктор» [18] деп аталган №459/(1859) инвентарда Арстанбек акындын арман кошогу чагылдырылган. Арстанбек Буйлаш уулу бул кошогунда “Ойсул ата, Зеңги баба малынан” тогуздап берсе, “Жонуна чачы

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



артылган” карындашын, энесин, атасын, “Балтыр бешик баласын” берсе алабы, “Арстанбектей жалгыздын”, “Чымындай жаны калабы?” деген суроону коюп, бул өмүрдүн, жашоонун баалуулугун даңазалаганын көрүүгө болот [18].

Ошол эле кол жазмалар корунун «Арстанбек, Молдо Кылыч жөнүндө» [11] аттуу №148 инвентарда акындын балдары, неберелери тууралуу кыска маалымат келтирилген. Арстанбек Буйлаш уулунун өмүрү жана чыгармачылык жолун иликтеп келген изилдөөчүлөр тарабынан акын көп кырдуу таланттын ээси деп айтылып, 500 күү, анын ичинен 200 күү жеке өзүнө таандык, ал кенже эпосторду жана санжыраны ыр түрүндө айткандыгы белгилүү [11]. Акындын көп кырдуулугун айгинилеп турган № 47 (241) инвентарда «Арстанбектин майда ырлары» жана №(354) 143 «Жар айтышуу. Арстанбектин Алыкенин ашында жар айтышкандагы» [19] ырларын айтууга болот.

Буйлаш уулу Арстанбектин өмүрү жана чыгармачылык жолу Кыргызстандын аймагы алгач Кокон хандыгынын феодалдык өкүм сүргөн мезгилине, андан соң Россия империясынын колониалдык үстөмдүгүнүн жаңыдан орнотула баштаган мезгилине дал келет. Мына ушул доордогу кыргыз элинин коомдук-экономикалык жана саясий турмушу Арстанбек Буйлаш уулунун жогоруда аталган чыгармаларында реалдуу чагылдырылган.

Арстанбек Буйлаш уулунун көлөмдүү чыгармасы болгон «Тар заманда» орус империясынын оторчулук саясаты Кыргызстандын аймагына келе элек жана жаңыдан келе баштаган мезгилдеги коомдук-саясий өзгөрүүлөр, кыргыз элинин оор абалы, келечек ой-тилектери, мүдөөсү чагылдырылган. Акын кыргыз эли үчүн падышачылыктын колониялык саясаты башталган доорду оор, кыйын, тарыган мезгил катары кабыл алат.

Андыктан, көп кырдуу таланттын ээси болгон Арстанбек Буйлаш уулунун чыгармачылык жолун чоң төрт этапка бөлүп кароого болот:

1) Биринчи этап 1836-1840-жж. - Арстанбек Буйлаш уулунун чыгармачылыгынын эрте мезгили. Бул мезгилде Арстанбек 12 жашка чыгып элдик күүлөрдү чертип, комузда кол ойнотуп, обондорду ырдай баштаган. Мына ушул 12 жашында атактуу, даңктуу акын-комузчулар, манасчылар сыяктуу эле келечекте таанымал акын боло тургандыгы жөнүндө аян түш көргөн. Атасы Буйлаш ошол учурдагы атактуу усталардын бири Айтмамбет устадан Арстанбекке комуз чаптырып берет. Арстанбектин алгачкы чыгармачылык жолу Эки-Нарын ортосундагы Ийри-Сууда башталат. Арстанбек 14 жашка чыкканда «Кожожаш» сыяктуу чакан дастандар үзүндүлөрдү айтып, эл оозуна алына баштайт. Акындын чыгармачылык жолунун биринчи этабы, башкача айтканда бул мезгилдеги орчундуу жана урунттуу окуялар, элдин көйгөйүндөгү маселелер Арстанбектин ырчылык, комузчулук, акындык кесипти аркалоосуна жана анын коомдук-саясий көз карашынын калыптана башташына таасир эткен.

2) Экинчи этап 1840-1842-жж. - Арстанбек Буйлаш уулунун коомдук саясий көз карашынын калыптанышы (Анжияндык мезгил). Арстанбектин Анжыянга барган мезгили Кокон хандыгын Мадали хан 1822-1842-жылдардын аралыгында башкарып турган учурга туш келет. Мадалы хандын тушунда Кыргызстандын түндүк бөлүгү Кокон хандыгынын курамына кошулуп, хандыктын салган салыгы кыргыз элинин мойнуна түшкөн оор жүк болгон. Ордо салыгын төлөбөгөндүгү үчүн айдалып кеткен атасы Буйлашты куткарам деген максат менен барган жаш Арстанбек акын Анжыян, Кокон айлана-тегерегин кыдырып, көп ырчы, комузчулар менен таанышып айтышат. Арстанбек бул мезгилде 16 жашка чыгып, коомдук-саясий көз карашы калыптанып, жалпы кыргыз элине жаңыдан жетилип келе жаткан жаш акын катары таанылат.

3) Үчүнчү этап 1842-1854-жж. - Түндүк Кыргызстан Россияга каратылганга (бугу уруусунун кошулушуна) чейинки аралыкты камтыйт. Буйлаш уулу Арстанбектин заманчыл акын катары калыптанган учуру. Бул мезгил аралыгында Арстанбек эр жетип, акындык таланты толкуп ташыйт. Эми ал Кокон хандыгынын баскынчыл саясатын, зордук-зомбу-лугуна күбө болуп, учурдун орчундуу коомдук-саясий маселелерин чагылдырган ырларын жаратат. Ошондой эле Арстанбектин коомдук көз карашынынын жыйындысы болгон «Тар замандын» жаралышынын адепки учуру Арстанбектин чыгармачылык жолунун үчүнчү этабына туш келет.

4) Төртүнчү этап 1855-1878-жж. – Кыргызстандын аймагы падышачылык Россиянын колониясына айланган мезгил, Арстанбек Буйлаш уулунун чыгармачылыгынын гүлдөгөн учуру. Анығында эле Арстанбектин чыгармачылыгынын бийиктикке көтөрүлгөн учуру дал ушул мезгилге Россия империясынын кыргыз жергесинин түндүк жана түштүк аймактарын толук каратып, колониялык бийлигин орното баштаган доорго туура келет. Ошондогу оомалуу-төкмөлүү оор окуялар, падышачылыктын оторчул жерсуу саясаты, кыргыздардын укуктарынын чектелиши, «кең дүйнөнүн, замандын тарышы, жаңы башкаруу системасы, «Тар заман» чыгармасынын толук түрдө

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



ырдалып чыгышына шарт түздү.

Жыйынтыктап айтканда, залкар акыныбыз Арстанбектин чыгармаларынын касиети, мааниси акындын өзү жашаган доордун орчундуу коомдук-саясий маселелерин, элдин оор турмушун, ой-максаты менен тилегин, үмүтүн чыгармаларында чагылдырып бере алгандыгында.

**Адабияттар:**


1. Саманчин Т. Арстанбек [Текст] /Т.Саманчин // Советтик адабият жана исскуство. - 1941. - №5. - Б. 90-101.
2. Кебекова, Б. Арстанбек (Адабий мүнөздөмө) [Текст] / Б.Кебекова. - Бишкек: Илим, 1994. - 72 б.
3. Арстанбек: ырлар [Текст] / Түз. Б.Кебекова. - Бишкек: Кыргыз энц. Баш. ред, 1994. - 180 б.
4. КРнын УИА кжф, инвентарь №1057, Б.Солтоноев. Кыргыз-казак тарыхы.
5. КР УИАнын кжф, инвентарь №57 (1320) Акыр заман. Калыгул, Арстанбек, Солтобай.
6. Алагушов, Б. Арстанбек комузчу [Текст] / Б. Алагушов // Ала-Тоо. - 1991. - № 2. – Б.156-160.
7. Кебекова Б. Кыргыз эл ырчыларынын тарыхынын очерктери [Текст] / Б.Кебекова. - Бишкек, 2009. - 496 б.
8. КР УИАнын кжф, инв. №829/363, Отражение ига Кокандских ханов в народных стихах.
9. КРнын УИАнын кжф, инв. №129 / 336 Колониялык доордун мезгилиндеги кыргыздардын маданияты. Кокон хандыгы тууралуу ырлар. Арстанбек.
10. КРнын УИАнын кжф, инв. №87/288 Арстанбектин айтканы.
11. КРнын УИАнын кжф, инв. №148 Арстанбек, Молдо Кылыч ж.б. жөнүндө.
12. КРнын УИАнын кжф, инв. №542/5180, д.№1. Арстанбек менен Чоңдунун айтышы.
13. КРнын УИАнын кжф, инв. №669/5306 Сүйүнбай менен Арстанбектин айтышы.
14. КРнын УИАнын кжф, инв. №394(1302) Разные фольклорные материалы.
15. КРнын УИАнын кжф, №185 (336), Талып Байболотовдун өмүр баяны.
16. КРнын УИАнын кжф, инв. №1460 XIX кылымдын аягы XX кылымдын башындагы Кыргызстанда илимдин жана маданияттын өнүгүшү.
17. КРнын УИАнын кжф, инв. №110 (313) Эл акындарынын өмүр баяны. Арстанбек.
18. КРнын УИАнын кжф, инв. №459/(1859), Кошоктор.
19. КРнын УИАнын кжф, инв. №(354) 143 «Жар айтышуу. Арстанбектин Аалыкенин ашында жар айтышканы».